DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 10, 2019

## ТАРЫХ ИЛИМДЕРИ
## ИСТОРИЧЕСКИЕ НАУКИ
## HISTORICAL SCIENCES

*Абдикеримов А.Ш.*

# ОРУС ПАДЫШАЧЫЛЫГЫНЫН КОЛОНИАЛДЫК САЯСАТЫНА КАРШЫ 1916-ЖЫЛЫ ТҮШТҮК КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЭЛДЕРДИН ТОЛКУНДООЛОРУ ЖАНА КӨТӨРҮЛҮШТӨРҮ

*Абдикеримов А.Ш.*

# НАРОДНЫЕ ВОЛНЕНИЯ И ВОССТАНИЯ ЮЖНЫХ КЫРГЫЗОВ В 1916 ГОДУ ПРОТИВ КОЛОНИАЛЬНОЙ ПОЛИТИКИ РУССКОГО ЦАРИЗМА

*A.Sh. Abdikerimov*

# POPULAR UNREST AND UPRISINGS IN THE SOUTH KYRGYZ IN 1916 AGAINST THE COLONIAL POLICY OF RUSSIAN TSARISM

*УДК: 32.325.3*

*Бул илимий макалада автор тарыхый булактардын жана ошол окуялардын катышуучулардын укум-тукумдарынын эскерүүлөрүнүн негизинде Түштүк Кыргызстандагы 1916-жылкы улуттук-боштондук көтөрүлүштүн себептерин, жүрүшүн, жана жыйынтыктарын жазган. Автор өзүнүн илимий макаласында көтөрүлүштүн негизги себеби болуп, орус падышачылыгын коллониалдык саясатынын күчөшү болгон деп белгилейт. Колониалдык бийлик жер саясатын жүргүзүп, дыйканчылыкка жарамдуу жерлерден кыргыз дыйкандарын кууп чыккан. Бошогон жерлерди көчүрүлүп келген орус дыйкандарына бөлүп беришкен. Ал эми көтөрүлүштүн негизги себеби болуп, бир тарабынын орус коллониалдык бийлигинин, экинчи тарабынан жергиликтүү кыргыз бийлигигинин "кош эзүүсү" болгон. Жыйынтыгында жөнөкөй элдин абалы начарлаган. Орус падышасынын указы көтөрүлүштүн башталышынын шылтоосу гана болгон. Түштүк Кыргызстандагы элдердин толкундоолору 1916-жылы 4-июнда Хорженте башталган элдик толкундоолордун бүтүндөй Орто Азияга жайылышы менен уланган. Бирок көтөрүлүшкө начар даярданган элдик толкундоолор падышалык жазалоочу аскерлери тарабынан басылган.*

***Негизги сөздөр:*** *көтөрүлүш, элдик көтөрүлүш, салыктар, орус падышачылыгы, колониалдык саясат, кош эзүү, жазалоо ыкмалары, куугун, көчкүндөр, көчүрүү саясаты.*

*Автор в своей статье указывает, что причиной народного восстания послужило усиление колониальной политики русского царизма. Колониальная администрация проводила земельную политику, изгоняя из пригодных для земледелия земель местных кыргызских крестьян. Освободившиеся земли раздавали русским переселенцам. А самой главной причиной являлся «двойной гнет» с одной стороны русской колониальной администрации, а с другой стороны местными кыргызскими правителями. В результате ухудшилось положение простого народа. Указ русского царя стал поводом к началу восстания. Народные волнения на южном Кыргызстане стали продолжением восстании 1916 года 4 июня в городе Ходжент, которая распространилась по всей Средней Азии. Но плохо подготовившейся народные волнения скоро была подавлена царскими карательными войсками.*

***Ключевые слова:*** *восстание, народное восстание, налоги, русский царизм, колониальная политика, двойной гнет, карательные меры, ссылка, переселенцы, переселенческая политика.*

*In this scientific abstract, the author studied the historical sources and memories of descendants of the participants in those events, wrote the reasons, course and results of the national liberation uprising of 1916 in the south of Kyrgyzstan and its consequences. The author in his article indicates that the cause of the popular uprising was the strengthening of the colonial policy of Russian tsarism. The colonial administration pursued a land policy, expelling local Kyrgyz peasants from suitable agricultural land. The liberated lands were distributed to Russian immigrants. And the main reason was "double oppression" on the one hand of the Russian colonial administration, and on*

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*the other hand by local Kyrgyz rulers. As a result, the situation of the common people worsened. The decree of the Russian Tsar became the occasion for the beginning of the uprising. The unrest in southern Kyrgyzstan was the continuation of the 1916 uprising on June 4 in the city of Khojent, which spread throughout Central Asia. But poorly prepared popular unrest was soon crushed by the tsar's punitive forces.*

***Key words:*** *uprising, popular uprising, taxes, Russian tsarism, colonial policy, double oppression, punitive measures, exile, immigrants, resettlement policy.*

1916-жылдын 25-июнунда Орус падышачылыгынын «Волга боюндагы, Чыгыш Сибирдеги, Түркестандагы жана Казахстандагы 19 жаштан 43 жашка чейинки эркектерди согуштук-орук иштерине алуу» жөнүндөгү указынын кабыл алынышы жана жергиликтүү колониялдык орус бийликтеринин бул указды ишке ашыруу үчүн болгон аракеттери, жергиликтүү элдердин нааразычылыгын туудурган.

Орус падышачылыгынын бул указы Орто Азия жана Казахстандагы жергиликтүү элдердин толкундоолоруна алып келген жана 1916-жылкы Улуттук-боштондук көтөрүлүшүнө чейин өсүп жеткен. Бул көтөрүлүштүн келип чыгуу себептерин изилдегендердин арасында ар түрдүү көз караштар бар. Алсак Т.Рыскуловдун [1]. 1916-жылкы көтөрүлүштү изилдеген эмгегинде көтөрүлүштүн негизги себеби катары Орус падышачылыгынын колониялдык саясаты жана Орус падышачылыгынын 1916-жылдын 25-июнундагы белгилүү Указы себеп болду деп жыйынтык чыгарса, Г.И. Бройдонун [2] жазган билдирүүсүндө Орус колонизаторлорунун жүргүзгөн саясаты атап айтканда, 1916-жылкы көтөрүлүштү орус бийликтери атайлап күчөтүп, жыйынтыгында жергиликтүү элдерди Кытайды көздөй сүрүп айдоого жана бошогон жерлерди Россиянын борбордук бөлүктөрүнөн көчүрүлүп келген орус дыйкандарын отурукташтырууга жасаган атайын аракеттери катары бааласа, К.Усенбаевдин [3] белгилүү эмгегинде көтөрүлүштүн келип чыгуу себептери, жүрүшү, көтөрүлүштүн мүнөзү. Көтөрүлүштүн саясий маанисине кеңири токтолуп, көтөрүлүштүн негизги себеби катары, орус бийликтеринин колониялдык, социалдык-экономикалык саясаты жана «кош эзүүнүн» натыйжасында жергиликтүү элдердин социалдык-экономикалык оор абалы негизги себеп катары көрсөтүлүп, 1916-жылдын 25-июнундагы орус падышасынын Указы көтөрүлүштүн келип чыгуусуна кандайдыр бир деңгээлде себеп болгону менен негизинен түрткү гана болгондугу белгиленет.

Түркстанды орусташтыруу колониялык-улутчул саясаттын негизи катары XX к. башында мурдагыдан да күч алган. Буга 1911-жылдын 31-октябрындагы чөлкөмдүн генерал-губернаторунун областтык аскер губернаторлорго: «Жергиликтүү эл бизди келечектеги орус дыйкандарынын ишин жасай турган материал катары кызыктырат, ошондуктан аларга бүт орустарды сыйлоону канына сиңдирүү керек, эгерде кимдеким баш ийгиси келбесе жеринен ажырап, жакырчылыктан өлөт же Россия алар менен кош айтышат», деген көрсөтмөсү күбө.

Көтөрүлүштүн негизги себептеринин бири орус дыйкандарынын көп санда көчүп келүүсү жана аларды отурукташтырууда кыргыздарга карата зомбулуктун күчөшү болгон. Орус дыйкандарын борбордук бөлүктөн көчүрүү иштерине 1896-1916-жж. эле 237 млн 310 миң 236 рубль жумшалган. 1916-ж. Түркстандагы жалпы калктын 6%ын түзгөн орустарга айдоо үчүн жарамдуу жердин 57,7%ы берилген. Ал эми калктын 94%ын түзгөн жергиликтүү эл айдоого жарамдуу жердин 42,4%на гана ээ болгон. Келгин дыйкандар кыргыздарды адам катары көрбөй, суунун башын ээлеп алышып, кыргыздарга суу бербей, аларды жерлерин таштап кетүүгө аргасыз кылышкан.

1916-жылы көтөрүлүштүн алдында Жети-Суу областындагы келгин дыйкандардын 43%ы куралданган. Демек, кары-картан, бала-чакадан башка курал алып жүрүүгө жараган келгиндер толук куралданган эле. Өз жери үчүн күрөшкөн кыргыздарды атып салуу адаттагы көрүнүш болуп калган.

1914-жылы башталган дүйнөлүк биринчи согуш, согушка Россиянын катышуусу, ансыз деле эзилип, кыйналып турган колониялык элдин башына түшкөн мүшкүл болгон. Кыргыздар да жалпы элге түшкөн кыйынчылыктан четте калбастан согушка акча, кийим-кече, атчан аскерлер үчүн кыргыз жылкыларын жөнөтүп турган. 1916-жылдын 25-июнундагы Падышанын Түркстандын элдеринен аскердик куракткагы (19дан 43кө чейинки) эркектерди согуштук коргонуу жумуштарына алуу жөнүндөгү указы, ансыз да падышачылыктын эзүүсүнө, кемсинтүүлөрүнө, жеринен ажырагандыгына араң чыдаган элди биротоло дүрбөткөн.

1916-жылкы Улуттук-боштондук көтөрүлүш Орто Азия жана Казахстандын бүтүндөй чөлкөмүндө баш-аламан, уюшулбаган түрдө, Орус падышачылыгынын белгилүү указына баш ийбөө жана нааразычылыктары катары башталган. Ал эми көтөрүлүштүн себептери мурунтан эле бышып жетилген эле. Көтөрүлүштүн негизги себептери болуп, Орус колонизаторлорунун XIX кылымдан тартып жүргүзгөн социалдык-экономикалык жана саясий саясатарынын натыйжасында жергиликтүү элдерге салынган салыктарды

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



жергиликтүү бийлик төбөлдөрүнүн эки эселентип көбөйтүп салуусунун натыйжасында «кош эзүүдө» калган элдердин оор абалы;

Экинчиден: Росиянын борбордук бөлүктөрүнөн көчүрүлүп келген орус дыйкандарына, жергиликтүү элдердин дыйканчылыкка жарамдуу, сугат жерлерин тартып алуусу, орус кыштактарынын пайда болуусу жана жергиликтүү элдерди тоо-ташка айдап, ал эми көчмөн элдердин малы орус дыйкандарынын жер аянттарына кирип кеткенде майда-чүйдө чатактарга алып келип, жергиликтүү элдер менен көчүрүлүп келген орус дыйкандарынын ортосунда карама-каршылыктарды туудуруп турган.

Россиянын борбордук бөлүктөрүнөн орус дыйкандарын көчүрүү бир нече этаптан турган. Ал эми Түштүк Кыргызстанга көчүрүү 1906-жылдан башталып, 1908-жылга чейин 1-этабы болсо, 1912-жылдан 1916-жылга экинчи этабы болгон. 1893-жылга чейин Фергана областына көчүрүү болгон эмес, ал эми 1893-жылдан баштап, 1896-жылга чейин өз алдынча көчүп келген аз сандагы орус дыйкандары болгон. 1896-жылдан 1905-жылга чейин Орто Азияга көчүрүү убактылуу токтотулган. 1906-жылы гана Орус революциясын басаңдатуу үчүн Орто Азияга көчүрүү кайра башталган. Түштүк Кыргызстанга көчүрүлүп келген орус дыйкандары дыйканчылыкка жарамдуу жерлерге отурукташтырылып, бул жергиликтүү элдердин нааразычылыктарына алып келген.

Үчүнчүдөн: Орус бийликтери жергиликтүү элдерге салыктардын жаңы түрлөрүн, атап айтканда мурунтан келе жаткан «чыгым», «журтчулулук» салыгынын үстүнө «жер салыгы», «жайыт салыгы» деген түрлөрү кошулса, 1-дүйнөлүк согуштун башталышы менен салыктардын өлчөмү көбөйтүлүп, алардын үстүнө «жан салыгы» кошулган. Ал салыктар жергиликтүү бийлик төбөлдөрү тарабынан эки эселенип салынып, чогултулгандыктан элдин социалдык-экономикалык абалы оордогон.

Оор салыктарга чыдай албаган кедей-кембагалдар менен жергиликтүү бийлик төбөлдөрүнүн ортосунда чыр-чатактар болуп турган. Мисалы 1893-жылы 11-апрелде Маргалан уездинин, Ичкилик болушуна караштуу Караван айылынын жашоочулары Каракул Жумабаев, Азим жана Букара Мусабаевдер, Алтымагда, Кармыша, Сайдар Алиевдер, Анар, Мадали Шариповдор, Тулумбай, Сарымсаков, Кадыр Жунушев, Алымкул, Курбанали Кабуновдор жергиликтүү болуш менен болгон чыр-чатактын натыйжасында аны өлтүрүп коюшкандыгы үчүн 10 жылдан 15 жылга чейин каторгага айдалышкан жана алардын көбү өз жерлерине кайтпай калышкан [3].

XIX кылымдын экинчи жарымында, XX кылымдын башында Орто Азия жана Казахстанда чет өлкөлүк мамлекеттердин айрыкча Турция, Германия, Англия мамлекеттери Россиянын таасирин азайтуу үчүн көп арекеттерди көрүшүп, «пантюркстик», «панисламдык» аң-сезимди киргизүү үчүн агитациялык, пропагандалык иштерди жүргүзүшкөн. 1902-жылы 18-январда Ош шаарында Турциянын атуулу Салих Мухаммед Кадыров тынчылык иштери үчүн кармалса, 1903-жылы Түрк Генералдык штабынын офицери Хамит Эфенди ислам «дининдеги элдерди бириктирүү жөнүндөгү» идеяны таркаткандыгы үчүн кармалган. Аит Ахмедов Пржевальск уездинин Ат-Башы участкасында «антируcстук» пропаганданы жүргүзгөндүгү үчүн кармалган [3].

1916-жылкы көтөрүлүш биринчи болуп, 4-июлда Ходженте, 9-июлда Андижанда, 10-июлда Маргаланда, Наманганда, 12-июлда Кокондо элдик толкундоолордун натыйжасында башталса, 10-июлда Ошто да ушундай эле элдик толкундоолор болуп өткөн. Бул толкундоолордун башталышына жергиликтүү колониялдык бийликтердин элди орус падышачылыгынын белгилүү указы менен тааныштыруу учурунда болгон. Орус администрациясынын башчылары, жергиликтүү бийлик төбөлдөрү жана дин кызматкерлери элди падышачылыктын указын аткарууга үндөшкөн. Мына ушундай чогулуш 10-июлда Ош шаарындагы Сулайман-Тоонун түбүндө болуп, анда Ош уездинин башчысы элди Орус падышасынын указы менен тааныштырып, андан кийин жергиликтүү бийлик өкүлдөрү жана Ош шаарынын диний башкаруучулары чогулган элди указды аткарууга чакырышкан. Бирок чогулган элдин арасынан нааразычылык үндөр жаңырып, жыйынтыгында жергиликтүү бийлик өкүлдөрү элдин нааразычылыгынан чочулашып, ал жерден шашылыш кетүүгө аргасыз болушкан. Чогулган эл «согушка барбайбыз!», «Өлсөк да өз жерибизде өлөбүз!» - деген кыйкырыктар менен элдин толкундоолору башталып, ал толкундоолор аскерлердин күчү менен гана токтотулган. 11-июлда Ош уездинин, Булак-Башы волостундагы элдер Волостун башчысынын үйүнө кол салышып, согуштук-орук иштерине алынуучулардын тизмесин жок кылышкан. Мына ушундай толкундоолор Араван, Ноокат, Гүлчө, Куршаб, Базар-Коргон, Сузак, Найман ж.б. волосторунда болуп өткөн. Орус бийликтери жергиликтүү элдердин толкундоолорун басуу үчүн жазалоочу орус-казак аскерлеринин күчүн пайдаланышкан. Жазалоочу отряддар куралсыз адамдарды атып өлтүрүшүп, колго түшүрүшүп, түрмөлөргө камашкан. Согуштук-орук иштерине алынуучу тизмеге катталгандар негизинен колунда

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



жок, кедей-кембагалдардын балдары болгон. Ал эми бий-байлар өз балдарынын ордуна, бирин-экин мал беришип, томаяктарды каттатышып коюшкан. Тизмеге катталгандар согуштук-орук иштерине баруудан баш тартышып жергиликтүү бийлик төбөлдөрүнө кол салышып, тизмелерди жок кылуу үчүн аракеттенишкен. Каршылык көрсөткөн бийлик төбөлдөрүн жана алардын жандоочуларын өлтүрүшкөн. Көбүнчө 1916-жылдын июль-август айларынан тартып, суук түшкөнгө чейин тоо койнуна бекинишип, жергиликтүү бийлик өкүлдөрүнө согуштук-орук иштерине алынуучулардын тизмесин жок кылуу үчүн кол салышып, көп учурда аларды жана алардын жан-жөөкөрлөрүн өлтүрүп турушкан.

Жергиликтүү бийлик өкүлдөрүнүн суроо-талабы менен келген жазалоочу отряддар көтөрүлүшкө чыккандарды атып өлтүрүү, кырып, жоюу менен, жергиликтүү элдерди коркутуп-үркүтүү менен алектенишкен. Орус администрациясы согуштук-орук иштерине алуу үчүн жасаган аракеттеринин натыйжасында, түштүк кыргыздарынан өтө аз сандагы адамдарды гана согуштук-орук иштерине алып кетүүгө жетишишкен. Көп учурда согуштук-орук иштерине алуу жергиликтүү элдердин толкундоолоруна жана наразычылыктарына алып келип, кагылышуулар менен аяктаган. Жергиликтүү орус бийликтери согуштук-орук иштерине аз сандагы адамдарды гана жөнөтүүгө жетишишип, көбүнчө аларды түн ичинде жөнөтүшкөн. Бирок бул орус бийликтери каалаган өлчөмдө болгон эмес. Көбүнчө орук иштерине алып кетүүгө катталган адамдар андан баш тартышкан.

Жыйынтыгында Түштүк Кыргызстандын дээрлик бардык жеринде элдик толкундоолор жана жазалоочу отряттар менен кагылышуулар болуп, элдик көтөрүлүштөргө алып келген. Бул көтөрүлүштөр 1916-жылдын күз айларына чейин улантылган. Түштүк Кыргызстанда Түндүк Кыргызстандагы көтүрүлүштөн айырмачылыгы, жазалоочу отряддардын көтөрүлүшкө чыккан элдерди жазалоо иштерине карабастан, элдин негизги бөлүгү үркпөстөн, өз жерлеринде калышкан. Элдердин арасынан кээ бир колунда бар, оокаттуу адамдар гана Кашкар, Турпан, Үрүмчүгө жер которуп, ооп кеткендери болгон [4].

**Адабияттар:**


1. Рыскулов Т. Восстание туземцев Туркестана в 1916-году. Очерки революционного движения в Средней Азии. Сборник статей. - М., 1926.
2. Бройдо Г.И. Материалы к истории восстания киргиз в 1916-году; Восстаний киргизов и казахов в 1916-году. - Б., «Учкун», 1996.
3. Усенбаев К. Восстание 1916-года в Киргизии. - Ф., 1968.
4. Абдикеримов А.Ш. Этнографиялык талаа дептери. - Кызыл-Кыя, 2016.